КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОН РАЙОНУ
АК-ТЕРЕК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
АК-ТЕРЕК

Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин
VIII чакырылышынын XVII кезексиз сессиясы

ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 17-сентябрындагы №241 Кара-Коо айылы

Топурак жана кум-шагыл материалдарын алуу үчүн жер тилкесин пайдалануунга макулдук берүү жөнүндө

Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э.К.Чурекованын 2026-жылдын 17-сентябрындагы № 01-7-3038 сандуу кайрылуусунун негизинде, Кара-Коо айылына таза суу чубалгыларын жайгаштырууда жана Тогуз-Булак айылында суу сактагыч куруу иштерин жүргүзүүгө байланыштуу курулуш иштерине керектелүүчү топурак, кум жана шагыл материалдарын алуу боюнча Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын корутундусу угулуп, талкууланып Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Кара-Коо айылынын таза суу чубалгыларын жайгаштырууда керектелүүчү өлчөмдө топурак, кум-шагыл материалдарын алуу максатында №1183 контурундагы 1,0 га жер аянтынын багытын өзгөртүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, каралсын.

2. Тогуз-Булак айылында суу сактагыч куруу иштерин жүргүзүү үчүн керектелүүчү өлчөмдө кум-шагыл материалдарын алуу максатында №389, №391 контурундагы 1,0 га жер тилкесине карьер ачууга жана аянтынын багытын өзгөртүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, каралсын.

3. Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин токтомдору каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл айымагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э.К. Чурековага милдеттендирилсин.

Сканировано с CamScanner

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы А.Дастановго тапшырылсын.



Төрага **А.А. Мамбетов**

Сканировано с CamScanner